**Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынын**

**№3-Протоколу**

**12-февраль, 2020-жыл**

**Катышкандар:** Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсүнөн 17 мүчөсү катышты.

Окумуштуулар кеңешинин төрайымы: С.С.Ибраимова
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Г.М. Даниярова

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Кафедралардын окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштеринин абалы жана 2019-жылдагы факультеттин илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы менен алдыдагы милдеттери боюнча отчет.
2. 2019-2020-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы окуу жана тарбия иштеринин жыйынтыгы.
3. Факультеттин жана кафедралардын кесипке багыт берүү боюнча иш-пландарын талкуулоо жана бекитүү.
4. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 19 мүчөсүнөн 17 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

**Исаков К.А.:** Жаңы түзүлгөн Окумуштуулар кеңешинин курамы менен тааныштырып койсоңуз.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** ОКнын жаңы курамын түзүүдө ОшМУнун окумуштуу катчысы М. Байсубановдун көрсөтмөлөрүн эске алдык. Жаңы жобо боюнча курамдын 50% ын илимий даражасы жок окутуучулар түзүүсү керек . 3 кафедранын ортосунда теңдикти сакташыбыз керек. Анда ОКнын жаңы курамын бекитип койсок.“Каршы” – жок, “Калыс” – жок, “Макул” – бир добуштан.

Анда жогорудагы сунушту эске алып күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга - 5мин.,
жарыш сөзгө - 3мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1-маселе.** Кафедралардын окуу-усулдук, илимий, тарбиялык иштеринин абалы жана 2019-жылдагы факультеттин илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы менен алдыдагы милдеттери боюнча отчет

**Угулду: Илимий изилдөө иштери боюнча декандын орун басары доцент Мусаева А.К.:** 2019-жылы факультеттеги ПОКтун жана студенттердин илимий иштери боюнча жүргүзгөн иш аракеттерине анализ жасалды. Айрыкча студенттердин илимий иштери аксап жатканына басым жасалды (баяндаманын слайды тиркелет).

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

**Философия жана политология кафедрасынын доценти Аматова Г.Р.:** 2-пунктта “Эмгек сиңирген ишмер” наамын алган Аттокуров Т.А. кошулбай калыптыр. Жана биздин кафедранын доценти Г.А. Токоеванын доктордук диссертациясынын темасы бекитилген, илимий жетекчиси Аттокуров Т.А. Отчетко кошуп коюнузду суранам.

Анда жогорудагы сунушту эске алып, токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» - жок, “макул” – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 1- маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

**1.1.** ПОКтун 2019-жылда аткарган илимий изилдөө иштери канааттандырарлык деп эсептелсин;
**1.2.** Берилген сунуштар жана өзгөртүүлөрдү эске алуу менен илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы бекитилсин;
**1.3.** Факультеттин ПОК окуткан предметтерине байланышкан окуу методикалык колдонмолорду чыгаруусу милдеттендирилсин;
**1.4.** Кафедра башчылары жана илимий жетекчилерге студенттердин илимий изилдөө иштерин күчөтүүсү милдеттендирилсин;
**1.5.** Адистикке байланышкан клуб иши активдештирилсин;
**1.6.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө факультеттин илимий изилдөө иштери боюнча декандын орун басары А.Мусаевага жүктөлсүн.

**2-маселе.** 2019-2020-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы окуу жана тарбия иштеринин жыйынтыгы

**Угулду: декандын окуу иштери боюнча орун басары Б.Т. Кыдырмышева, тарбия иштери боюнча орун басары А.М. Султанова:** 2019-2020- окуу жылынын 1-жарым жылдыгында факультетте жүргүзүлгөн иш чараларды ар бир ай боюнча, конкреттүү презентация менен чагылдырып берилди (отчет тиркелет).

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып, 2019-2020-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы окуу жана тарбия иштеринин жыйынтыгы менен алдыдагы милдеттери

боюнча отчетторду талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып Окумуштуулар кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

2.1 Декандын окуу жана тарбия иштери боюнча орун басарларынын отчеттору канаттандыраарлык деп табылсын;

**3-маселе:**. Факультеттин жана кафедралардын кесипке багыт берүү боюнча иш-пландарын талкуулоо жана бекитүү

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Факультетте кесипке багыттоо иштери боюнча январь айында эл аралык мамилелер жана аймак таануу кафедралары Ош шаарындагы мектептердин бүтүрүүчү класстарынын окуучулары үчүн “Кышкы мектеп” өткөрүштү. Андан сырткары стейкхолдерлер менен жолугушуулар уюштурулду.

**Угулду: кафедралардагы кесипке багыт берүү иштери боюнча пландары жана отчеттору тууралуу айтышты.** (Пландар тиркелет).

Бул маселелер боюнча суроолор, сунуштар жок болсо токтомду бекитип койсок. “Каршы” – жок, “Калыс” – жок, “Макул” – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

3.1. Факультеттин жана кафедралардын кесипке багыт берүү боюнча иш-пландары бекитилсин;

3.2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы профессор К.Х. Нурдиновага жана аймак таануу кафедрасынын башчысы доцент К.Дж. Султановага жүктөлсүн.

**4-маселе.** Ар түрдүү маселелер.

Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын доценттик ваканттык кызматына шайлоо өткөрүү.

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Биздин кесиптешибиз философия илимдеринин кандидаты, эл аралык мамилелер кафедрасынын доцентинин м.а., Эркебаев Элес Мизановичти эл аралык мамилелер кафедрасынан эл аралык мамилелер кафедрасынын доценттик ваканттык кызмат ордуна шайлоо өткөрүү боюнча сунуш келип түшкөн. Э.М. Эркебаевдин илимий, окуу-усулдук иштериндеги жетишкендиктерин, кафедранын коомдук иштерине активдүү катышкандыктарын эске алып, доценттик наамды алууга татыктуу деп эсептеп, сиздерге сунуштап жатам. Бул маселеге карата сунуш, пикириңиздерди билдирип койсоңуздар. Кимде кандай сунуш бар?

**Жарыш сөзгө чыккандар: эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:** Э.М. Эркебаевдин доценттик милдетти аткарып жүргөн мезгилдеги аткарган иштеринин жыйынтыктарын карап, коллектив жана студенттердин

арасындагы кадыр-баркы жогору экендигине баа берип, доценттик наамга сунуштоону мен толугу менен колдоймун.

**Ф.и.к., доцент К.Дж. Султанова.:** Э.М. Эркебаевдин доценттик наамга сунушталышын колдоймун, анткени окуу-усулдук жана илимий отчетунун мазмуну эле далилдеп турат.

Эл аралык мамилелер кафедрасынын доценттик ваканттык кызматына Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан талкууга алынып, бир добуштан колдошту.

**Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши**

**ТОКТОМ** кылат:

1. Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын доценттик ваканттык кызматына Э.М. Эркебаев шайлансын.
2. ОКнын чечими колдоо таап, университеттин Окумуштуулар кеңешинде бекитилсин.

**Кийинки маселе. Философия илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн «отличниги», Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитүү.**

**Угулду: эл аралык мамилелер факультетинин деканы, Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** философия илимдеринин кандидаты, философия доценти, Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин "Социомаданий жана социожаратылыштык факторлордун жеке адамдын, коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирлери" аттуу доктордук диссертациясынын илимий кеңешчиси философия илимдеринин доктору, профессор Карабеков Кадырбектин дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, диссертациянын темасын 09.00.03 – философия тарыхы адистиги боюнча "Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик идеялардын жана парадигмалардын эволюциясы" – деп, кайра өзгөртүү менен илимий кеңешчи катары философия илимдеринин доктору, профессор А.А.Бекбоевди (илимий шифри: 09.00.01 – онтология жана тааным теориясы ошондой эле – 09.00.03 – философия тарыхы боюнча адис) бекитүү тууралуу талкуулоону сунуштады. Философия жана политология кафедрасынын жыйынынын №6-протоколунун көчүрмөсүн, илимий кеңешчинин макулдугун тааныштырды.
**Доцент К. Курбанбаев:** сунушталып жаткан тема Ө.С.Акматовдун мурда бекитилген "Социомаданий жана социожаратылыштык факторлордун жеке адамдын, коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирлери" аттуу доктордук диссертациясы менен тыгыз байланышта жана анын концептуалдык уландысы болуп эсептелинээрин белгиледи.
**Жарыш сөзгө чыккандар:профессорлор: К.Х.Нурдинова, К.Исаков, доценттер К.Султанова, В. Джаныбекова ж.б.** Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү белгиленген доктордук диссертациялык теманы жактырышып, илимий кеңешчи катары философия илимдеринин доктору, профессор А.А.Бекбоевди бекитип берүүнү сунушташты.

**Окумуштуулар кеңешинин жыйынында негизинен күн тартибине коюлган маселе кеңири талкууга алынып, чыгып сүйлөгөн жолдоштордун сунуштарын эске алуу менен төмөнкүдөй токтом кабыл алынды.**

**Т О К Т О М** кылат:

1. Философия илимдеринин кандидаты, философия доценти, Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин "Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик идеялардын жана парадигмалардын эволюциясы" аттуу доктордук диссертациясынын темасы философия илимдеринин доктору, профессор: А. А. Бекбоевдин илимий кеңешчилиги алдында бекитүү жактырылсын.
2. Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жактырылган токтомун бекитип берүү жагы Ош МУнун Окумуштуулар Кеңешине сунушталсын.

**Кийинки маселе: ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин философия жана политология кафедрасынын профессору, философия илимдеринин доктору Исаков Кубанычбек Абдыкадыровичти профессордук окумуштуулук наамды алууга көрсөтүү жөнүндө.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Биздин кесиптешибиз философия илимдеринин доктору, философия жана политология кафедрасынын профессору Исаков Кубанычбек Абдыкадырович илимий ишинин коргогонуна бир топ жылдар өттү. КРдин ЖАКтын талаптарына ылайык бүтүндөй эмгектери жетиштүү экен. Ошондуктан ОКнын бүгүнкү отурумуна жогуруда аты аталган кесиптешибизди профессордук окумуштуулук наамды алуу боюнча сунуш келип түшкөн. Кимде кандай сунуштар бар?

**Сөзгө чыгышты: доцент Курбанбаев К.:** Философия илимдеринин доктору К. Исаковду барыбыз жакшы билебиз, көп жылдардан бери философия жаатында эмгектенип келет. Бүгүнкү күнү 80ден ашуун илимий макалалардын, 5 монографиянын жана 11 окуу-усулдук колдонмонун автору болуштун өзү кыйын. Ошондуктан талыкпас эмгегин эске алып, мен профессордук окумуштуулук наамды алууга сунуш кылам жана кесиптешибиз ага толугу менен татыктуу деп эсептеймин. Ал эми ОКнын мүчөлөрүн да колдоп берүүгө чакырып кетет элем. Жогорудагы сунушту ОКнын мүчөлөрү тура көрүп, бир добуштан колдошту.

**Күн тартибиндеги маселени карап чыгып**

**ТОКТОМ** кылат:

1. ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин философия жана политология кафедрасынын отурумунда каралган философия илимдеринин доктору, профессор Исаков Кубанычбек Абдыкадыровичти КРдин ЖАКнын философия адистиги боюнча профессордук окумуштуулук наамды алуу үчүн көрсөтүлсүн.

2. Философия илимдеринин доктору, профессор Исаков Кубанычбек Абдыкадыровичти КРдин ЖАКнын философия адистиги боюнча профессордук окумуштуулук наамга көрсөтүлүүсүн бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

**Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы:** **С.С. Ибраимова**

**Окумуштуулар Кеңешинин катчысы:** **Г.М. Даниярова**